КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖЕР РЕСУРСТАРЫ, КАДАСТР, ГЕОДЕЗИЯ ЖАНА КАРТОГРАФИЯ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ЗЕМЕЛЬНЫМ РЕСУРСАМ, КАДАСТРУ, ГЕОДЕЗИИ И КАРТОГРАФИИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Б У Й Р У К
# П Р И К А З

2025-жылдын “____” ___________ №___ Бишкек шаары

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин 2025-жылдын 22-октябрындагы №10-1/283 буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Мамлекеттик кызматтардын жарандарга жана юридикалык жактарга жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу максатында, “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – Жер агенттиги) 2025-жылдын 22-октябрындагы № 10-1/283 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 “Мамлекеттик органдар жана алардын түзүмдүк уюмдары көрсөткөн мамлекеттик кызматтардын бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 16-январындагы № 26 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгуу жана оптималдаштыруу тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык, **буйрук кылам:**

1. Жер агенттигинин 2025-жылдын 22-октябрындагы № 10-1/283 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө” буйругунун мамлекеттик тилдеги текстинин 1-тиркемесинин аталышындагы “Жер участогуна укук

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

күбөлөндүрүүчү документти тариздөө - жеке жана юридикалык жактардын арыздарынын/келишимдеринин негизинде жүргүзүлөт” деген сөздөр “Жеке жана юридикалык жактардын өтүнмөлөрү/келишимдери боюнча жер тилкесине укук күбөлөндүрүүчү документти тариздөө” деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Аталган буйруктун мамлекеттик тилдеги текстинин 8-тиркемесинин аталышындагы “Жарандык жана юридикалык жактардын кайрылуусу/келишими боюнча кыймылсыз мүлк бирдигине номер берүү (бириктирүү же бөлүү, же болбосо номер тактоо учурларында)” деген сөздөр “Жеке жана юридикалык жактардын өтүнмөлөрү/ келишимдери боюнча кыймылсыз мүлк бирдигине номер ыйгаруу (кыймылсыз мүлктү бириктирүүдө же бөлүүдө, кыймылсыз мүлктүн номерин тактоодо)” сөздөр менен алмаштырылсын.

3. Аталган буйруктун расмий тилдеги текстинин 9-тиркемесинин аталышындагы “Выдача пространственных, кадастровых данных и данных из сети постоянных GPS/GNSS станций “KyrPos” по заявкам/ договорам физических и юридических лиц” деген сөздөр “Предоставление пространственных, кадастровых данных и данных из сети постоянных GPS/GNSS станций “KyrPos” по заявкам/договорам с физическими и юридическими лицами” сөздөр менен алмаштырылсын.

4. Жер агенттигинин санариптик трансформация башкармалыгы ушул буйрукка кол коюлган күндөн тартып үч иш күндүн ичинде, аны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 токтомуна ылайык Жер агенттигинин расмий сайтында жарыялоону камсыз кылсын.

5. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Жер агенттигинин директорунун орун басарларына жүктөлсүн.

**Директор** **Э.Ж. Зарнаев**

Жөнөтүлсүн: көктөмөгө, Жер агенттигинин түзүмдүк, ведомстволук түзүмдөрүнө, филиалдарга.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН